УДК 9

Акматбекова Ж.А.
*Кыргызско-Турецкий университет «Манас»*

# ММКНЫН ӨНҮГҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ НЕГИЗГИ ТЕОРИЯЛАР

*Массалык маалымат каражаттары жалпы эле коомдун, доордун муктаждыгынан улам пайда болуп, адамзаттын маданиятынын өнүгүшүндө да, басма ишинин өркүндөшүндө да маанилүү роль ойногон. Массалык маалымат каражаттары саясий, социалдык, илимий көз караштарды пропагандалоо, коомдук ой-пикирлерди жайылтуу максатын көздөгөн саясий күрөштүн кубаттуу куралы болуп саналат. Бүгүнкү күндө биз айтып жаткан кубаттуу куралдын коомго тийгизген таасири тууралуу сөз болмокчу.*

Кандай гана массалык маалымат каражаттары болбосун, ошол өлкөнүн күзгүсү болуп саналат. Ар бир мамлекеттин саясий, экономикалык, социалдык түзүлүшү башкалардан айырмаланып турган сыңары, ММКларынын түзүлүшү да мезгилдин өзгөрүшүнө байланыштуу өз функциясын өзгөртүп турат. Бул түздөн-түз өлкөнүн саясый башкаруу системасына жана идеологиясына көз каранды.

Мындай өзгөчөлүктөрдү ачыктоо үчүн ММКнын өнүгүү процессиндеги негизги көз караштарга токтоло кетсек.

Фред Сиберт, Т.Питерсон жана В.Счраддын изилдөөлөрүнүн негизинде, өлкөнүн саясий түзүлүшү жана ММК системасынын арасындагы байланыш теорияларын алты топко бөлүп көрсөтүшкөн.

1. **Авторитардык башкаруу теориясы.** XVI-XVII кылымдарда мамлекетти монархиялык башкаруу формасынан келип чыкты. Англияда, Францияда, Испанияда жана Батыш Европанын бир катар мамлекеттеринде авторитардык башкаруунун принциптери кеңири жайылды. Мында жогорку бийлик толук бойдон же жарым жартылай жеке адамдын – монархтын - колунда болуп, эреже катары, укумдан-тукумга мураскерликке өтөт. Башкаруунун мындай формасы кул ээлөөчүк жана феодалдык коомдордо өкүм сүрүп, азыркы учурга чейин айрым буржуазиялык өлкөлөрдө да колдонулуп келет.

Буга ылайык, массалык маалымат каражаттары монархиялык бийликтин органы катары кызмат кылат. Башкача айтканда, бийликтин үнүн коомго жеткирет. Ал эми коом тарабынан ар кандай сын пикирге, цензурага жол берилбейт.

Мындай түзүлүштөгү мамлекеттер:

- ММК толугу менен бийлик органдары тарабынан көзөмөлгө алынган өлкөлөр: Кытай, Югославия, Португалия, Испания.
- Басма сөздө сын пикир айтууга мүмкүнчүлүк берген жана ошол эле учурда бекем цензураны таңуулаган мамлекеттер: Колумбия, Сирия, Египет.
- ММК уюмдарына жана журналисттерге жаза берүү, ишкананы жаап салуу сыяктуу атайын мыйзамдар иштелип чыккан мамлекеттер: Чыгыш Африка мамлекеттери, Пакистан, Ирак, Индия.
- Бийликке каршы сын пикирди жактаган ММК уюмду көзөмөлдөө үчүн кыйыр ыкмаларды, мыйзамсыз иш аракеттерди колдонгон өлкөлөр: Турция, Аргентина, Индонезия ж.б. [Сажиде Вурал, Kitle iletişimde denetim stratejileri, Ankara,1994.].

**1. Либералдык башкаруу теориясы.** Либералисттик көз караштын жактоочулары Ж.Локк, Л.Монтескьё, Ф.Вольтер, ал эми саясий экономиканын негиз салуучулары болуп А.Смит, Д.Рикардо саналат. Идеологиянын өзөгү адам эркиндиги чектелбеген учурда, өз проблемаларын өздөрү чече алат деген түшүнүгүнөн келип чыкты. Мындай түшүнүк бийликти жок кылуу дегенчилик эмес, тескеринче, адамдар өз проблемаларын өздөрү чече билүүсү үчүн бийлик тарабынан аларга ылайыктуу шарттардын болушун жана анын мезгилдүүлүгүн камсыз болушу керек эле. Экинчи тараптан, 1680-жылдары батыш өлкөлөрү арасында экономикалык, саясий байланыштардын күч алышы коомчулук үчүн так маалыматтарды талап кылынган. Мындай учурда ММКын дайыма бийликтин орган

катары колго алуу мүмкүн эмес эле.

ММКнын негизги функциялары; коомго маалымат таркатуу жана инсандардын маалымат алуудагы укуктарын коргоо, калктын билим берүү жана маданиятынын өнүгүшүнө жана калыптанышына өбөлгө түзүү, коомдук пикирди жаратуу болуп саналат. Бул жерде бийликтин милдети укуктук эрежелердин негизинде мыйзамга таянып иш алып баруу. Башкача айтканда, классикалык демократиялык режимдин калыптаныш мезгили болуп саналат.

Бул теорияга ылайык негизги принциптер:

- Басма сөз кандайдыр бир үчүнчү күчкө, адамга (жакка) таандык болбошу керек.
- Басма сөз каражаттарын басып чыгаруу, таркатуу эркин болушу керек.
- Бийликке же саясий партияга каршы (жеке адамдык жана мамлекетке каршы мыйзамдык эрежелердин бузуунун тышында) жасалган иш аракеттер окуядан сырткары жазаланбайт.
- Басма сөз каражаттарын чыгарууда кандайдыр бир бут тосуулар, тоскоолдуктар болбошу керек.
- Маалымат топтоодо чек коюлбашы керек.
- Маалыматтын таркатылышына чек коюлбашы керек.

Бул теориянын экинчи кемчилик жагы: ушул эле учурда массалык маалымат каражаттарынын иш алып баруу милдеттери, принциптери, ага коом тарабынан кандай жоопкерчилик болушу керек деген суроо четте калган.

**3. Коомдук жоопкерчилик теориясы.** XX кылымда технологиянын өнүгүүсү күч алды. Бул чөйрө бир гана басма сөз басылмалары менен чектелбестен, радио, телеберүү каражаттары да коомчулукка кеңири таркады.

Индустриянын кеңири кучак жайышы ММК продукцияларын өзүнчө товар катары баалоого түрткү болду. Башкача айтканда, ММК коомдун материалдык керектөөлөрүн камсыздоо үчүн өндүрүлгөн продукцияны гана рекламалабастан, дүйнөлүк маалымат булактары менен да кабардар кылат. Ошол эле учурда реклама берүүчүлөргө өзүнүн аудиториясын сатып жаткан болот. Демек, ММК өзүнчө экономикалык күчкө айланды. Буга ылайык, медиа продукциялары ММК ээлеринин позициясына жараша өнүгө баштады. Коомдо бир жактуу көз караш, монополизм түшүнүгү күч алды. Ошол эле учурда мындай бир жактуу көрүнүштөр интеллигенция катмарын жана окумуштууларды ирээнжитип, ММК тармагы боюнча атайын билим алган адистердин өксүк экенин, авторитардык режимде ММК бийликтин органы болсо, бул мезгилде ММК экономикалык күч ээлеринин колунда болуп, коомдук кызыкчылыкты четке кагып жаткандыгын катуу сынга алышты.

Коомдук жоокерчилик теориясы мына ушундай муктаждыктан келип чыкты. Теориянын негизи маалымат берүүдө маалыматтын чындыгын, акыйкаттыгын, ишенимдүүлүгүн, адилеттүүлүгүн далилдеп, эки тараптуу коомдук көз карашты чагылдырышы менен аныкталат. Албетте, маалыматты берген журналисттин коом алдында жоопкерчиликти сезе билүү менен гана чектелбестен, иштеген уюмдун, басма сөз болобу, радиоберүү болобу, ишкананын кызыкчылыгын да эске алууга милдетүү. Ал эми коомдун милдети: мамлекеттин жана жалпы элдин кызыкчылыгын эске алып, массалык маалымат каражаттарынын мезгилдүү иш алып баруусунда так маалыматтарды берүү, ММКга байланыштуу илимий изилдөөлөрдө көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Мамлекеттин милдети: калктын маалыматка болгон муктаждыгын толук камсыздай албагандыгын эске алып, ММК уюмдарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү, ишканалардын жана кызматкерлердин милдеттерин жана укуктарын мыйзамдаштыруу жана көзөмөлгө алуу.

Алгач 1927-жылы Америкада журналисттердин этикалык укуктарын жана ММК

уюмдарынын жоопкерчилигин көзөмөлгө алган атайын Комиссия түзүлгөн. Анын ийгилиги радио толкундарын бөлүштүрүүдө жемиштүү болгон. Кийинчерээк Федеративдик байланыш комиссиясы бул ишти уланткан. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн көп мамлекеттеринде мындай органдар активдүү иш жүргүзүп келишет.

**4. Демократиялык башкаруу теориясы.** Кайрадан тарыхка кайрылсак, алгач басма сөз мамлекеттин бир органы катары кызмат кылса, кээ бир мамлекеттер мындай ыкманы четке кагып, ММКнын эркин болушу үчүн мүмкүнчүлүк түзүштү. Технологиянын тынымсыз өнүгүшү жана экономикалык-саясий процесстин өзгөрүшү акырындап ММКны монополист ишканага айлантты. Башкача айтканда, маалымат берүүдө тең жактуулук принциби четке кагылып, бир жактуу кабарлар басымдуулугун көрсөттү. Мындай көрүнүш коомдо көпчүлүктүн оюн башкаларга таңуулап, ал эми азчылыктын пикирин, позициясын эске албай келет. Демократиялык башкаруу теориясы жогорудагы теңсиздикти жолго коюу максатында келип чыкты.

Грек тилинен «демократия» сөзмө-сөз - элдик бийлик деп которулат.

Жогоруда аталган теориялардын кээ бир элементтеринин жыйындысы деп айтсак да жаңылбайбыз. Себеби коомдук уюмдардан баштап, жөнөкөй атуулдарга чейин башкаруу чөйрөсүнө аралашып, өзүн жеке пикирин түздөн-түз ММК аркылуу чагылдырган бул мезгил демократиялык башкаруу теориясына таандык. Тактап айтканда, ММКнын кандай гана түрү болбосун, анын ээси калк, эл болуп саналат.

Окумуштуу Джон Меррил кандай гана түзүлүштөгү маалымат каражаттары болбосун, анын эл алдындагы жоопкерчилиги жогору болушу керек деген пикирди жактаган жана аны үч категорияга бөлүп караган [Сажиде Вурал, Kitle iletişimde denetim stratejileri, Ankara,1994.].

1. Бийликтин милдети; бийлик ММКны бир жактуу иш алып барууга таасир этет. Мындай учурда маалымат мамлекеттик идеологияга көңүл бөлүп, билим берүү, маданият, патриоттук темага басым жасайт деген түшүнүктү жакташат.

2. ММКнын милдети; журналисттер, бул чөйрөнүн адистери берилген маалыматтарды топтоо, даярдоо процессин өздөрү көзөмөл кылышат.

Башка бир окумуштуу Алтшулл (Aldschull) жогорудагы пикирди четке каккан. Себеби эки учурда тең, биринчиси бийлик тарабынан, экинчиси ММК уюмдары тарабынан журналистке кандайдыр бир деңгээлде чектөөлөр коюлуп, эркин иш алып баруусуна тосколдуктар болот. Мындай учурда коомго так маалыматтарды жеткирүү мүмкүн эмес. Бул, демек, «анархия» деген [Сажиде Вурал, Kitle iletişimde denetim stratejileri, Ankara,1994y., 33s.].

3. Коомдун жөнөкөй атуулу катары журналисттердин эл алдындагы жоопкерчилиги: журналист калктын кызыкчылыгын көздөйт. ММКлар чындыкты жана эки тараптуу маалыматты чагылдыруу менен бийлик жана калк арасында жакындан байланыш куралы катары кызмат кылат. Бул түшүнүктүн өзү бул теориянын өзөгүн түзөт.

**5. Борбордук башкаруучулук теориясы.** XX кылымдын башы жана 70 жыл өмүр сүргөн Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун башкаруу режимин атоого болот. Он беш мамлекетти бириктирген жалгыз Коммунисттик партиянын идеологиясын коомго таңуулоо болуп саналат.

Өлкөдө ММКнын кандай гана түрү болбосун, негизги милдети коммунисттик идеологияны пропагандалоо, плюрализмге жол бербөө эле.

70-жылдык тарыхый бурулуштар, башкача айтканда, СССРдин кулашы менен ар бир мамлекеттин экономикалык, социалдык, саясий түзүлүшү өз алдынча өнүгүү жолуна түштү. Буга ылайык, массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшү мезгилдин талабына жана өлкөнүн өнүгүшүнө карата багыт алды.

**6. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү ММК системасы.** Эгемендүүлүккө жаңы

гана ээ болуп, экономикалык жана технологиялык жактан сырткы күчтөргө көз каранды өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн саясий системасын, түзүлүшүн атоого болот.

СССРдин таркалышындагы алгачкы кадам союздук республикалардын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү декларацияларды кабыл алышы болгон. Алгачкы декларация катары 1990-жылы 12-июнда РСФСРдин Жогорку Совети мамлекеттик суверенитет жөнүндө декларация кабыл алган.

Декларацияда республиканын мамлекеттик суверенитети: өлкөдөгү коомдук турмуштун бардык тармактарындагы мамлекеттик бийликтин толук кандуулугун; өз граждандыгы бардыгын; республиканын менчигин жана объектилерин ээлөөдө, пайдаланууда жана бөлүштүрүүдө элдин артыкча укугун; өз аймагында Конституция менен республиканын мыйзамдарынын баарынан жогорулугун; башка республикалар, чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен мамилелешүүдө өз кызыкчылыктарын коюу жана коргоо укуктарын; суверендүү республикалардын Союзуна ыктыярдуу түрдө кошулуу жана андан эркин чыгып кетүүсүн камсыз кылган.

Мындай мүнөздөгү союздук республикалардын декларациялары жана аны жүзөгө ашыруудагы практикалык аракеттер союздук мыйзамдардын юридикалык күчүнүн жоюулушуна жана өлкөдөгү жогорку мамлекеттик бийлик менен мыйзам чыгаруу органдарынын – Жогорку Советтин, СССР Министрлер Советинин, Эл депутаттар съездинин функцияларынын жоюлушуна алып келген.

Жаңы союздук келишимди даярдоо жана кайра-кайра толуктоо консолидацияга эмес, карама-каршы турган үч позициянын жаралышына алып келген. Азербайжан жана Борбордук Азия республикалары федерация үчүн, Прибалтика, Грузия, Армения республикалары СССРдин курамынан чыгуу үчүн, Россия, Украина, Белоруссия конфедерация үчүн макул болушкан.

Тилекке каршы, дүйнөлүк аренадан кубаттуу стратегиялык-экономикалык жана интеллектуалдык потенциалы күчтүү держава жок болуп, ордуна 15 көз карандысыз мамлекет пайда болду. Анын кыйроосунун негизги себеби жашоосу аяктаган тоталитардык режим менен башкаруунун буйрукчул-командалык системасына таянгандыгында жана алардын демократиясы менен саясий плюрализмге каршы туруууга жөндөмсүздүгүндө болгон.

15 жаңы мамлекеттин бири Кыргызстан болуп калды. 1991-жылы 31-августта республиканын Жогорку Кеңеши Кыргызстан Республикасынын көз карансыздыгы жөнүндө Декларация кабыл алды [Кыргыз Республикасынын тарыхы. -Бишкек, 2000-ж., 306-б]. Анда республиканын көз карансыздыгы, суверендүү, демократиялык мамлекет экендиги, территориясынын бүтүн жана бөлүнгүс экендиги, Кыргызстан Республикасынын Конституциясы гана аракетте болору жарыяланган.

Кыргызстан эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин, элдердин ортосундагы достук жана өз ара кызматташуусун жактаарын билдирип, андан ары өнүгүү жолу жаңы демократиялык коомду куруууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында демократиялык укуктук коомдун негизги принциптери менен негиздери так аныкталган. Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасы суверендүү, унитардык, демократиялык, ачык мамлекет болуп эсептелет. Суверенитеттин жана бийликтин бирден-бир булагы – Кыргызстандын эли болуп саналат. Мамлекеттик башкаруунун негизине бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот тармактарына бөлүү принциби коюлган. Кыргызстандагы ар бир адам: жашоого; физикалык жана моралдык жактан кол тийбесттикке; керт башынын эркиндиги менен коопсуздугуна; Кыргызстандын аймагы жана андан сырткары жерлерге эркин чыгууга жана кайтып келүүгө; менчикке, эмгек эркиндигине, ишмердүүлүктү жана кесипти тандоо укугуна ээ болгон. Эч ким расасына, улутуна, жынысына, түпкү тегине, диний ишенимине, саясий жана диний көз караштарына байланыштуу эч кандай

дискриминациялоого дуушар болбойт. Кыргызстандын атуулдарынын укуктары менен эркиндиги милдеттеринен ажырагыс. Аны аткаруу мамлекеттик жана жеке кызыкчылыктарды камсыз кылуу үчүн зарыл. Ошондой эле, суверендүү Кыргыз Республикасынын эң башкы белгиси мамлекети менен граждандык коомдун функцияларын оптималдуу чектөө, жаңы өндүрүштүк, коомдук мамилелерди түзүү аркылуу жеке кызыкчылыкты – жамааттын, жамааттыкын – мамлекеттик кызыкчылыктар менен айкалыштыруу, «өлкөдө жашаган ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыгын – «кыргызстандыктардын жалпы үйү» кызыкчылыгына айландыруу, саясий партиялар менен кыймылдардын кызыкчылыгын жалпы коомдук кызыкчылыкка айландыруу дегенди түшүндүрөт.

Эгемендүү Кыргызстан көз карандысыздыкты алган күндөн тарта мамлекеттик саясатта коомдук турмушту демократиялаштырууга багыт алгандыгын жарыялаган. Бирок алгачкы 2-3 жылда бул процесс «ооруга» чалдыкты. «Демократиялаштырууну» туура эмес түшүнүүдөн башы айлангандар аны абсурдга айлантып, баарына жол берилгендик деп түшүнүшкөн. Жалган демократиялаштыруунун чагылышынын бир белгиси белгилүү бир чөйрөдөгүлөрдүн саясаты «саясий» оюнга айланып келет. Демократиянын принциптерин көз жаздымда калтыруу мыйзамдык, нормативдик документтердин начар даярдалышына жана бул процесстин бузулушуна алып келди [Кыргыз Республикасынын тарыхы. - Бишкек, 2000-ж., 312-б].

Ал эми Кыргызстандын абалында бүгүнкү журналистиканын да жагдайы туруксуз. Коомго пайдасы бар, пайдасы жок ММКлар улам ачылып кайра жабылууда. Көптөгөн ММКлар жеке бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн иштеп, саясый оюндардын куралы болууда. Демократиялуу өлкө дегенибиз менен, көпчүлүк учурларда ММКларга сөз эркиндиги берилбей, басма ээси ким болсо, ошого жараша иш алып барышууда. Сөз эркиндиги демекчи, бул түшүнүктү окурман же жеке инсан кандай түшүнөт, басма сөз кызматкерлери канчалык деңгээлде, кайсы чекте эркин жазалышат, ал эми мамлекет кайсы мыйзамдардын чегинде көзөмөлдөйт, бул башка бир суроо. Фридом Хаустун 2002-жылдагы Кыргызстанга сөз эркиндигинин абалына берилген баалары боюнча Орто Азия өлкөлөрүндө: Казакстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстанга караганда 1991-жылдан 1999-жылга чейин салыштырмалуу сөз эркиндиги жогору болгон, ал эми 2000-жылдан тарта бул көрсөткүчтөр кыйла төмөндөп кеткенин аныкташкан [Ибраева К., Куликова С. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. -Бишкек, 2002. 49-56 б].

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү шартта ММК өндүрүшүндөгү негизги талап – бул сырткы чөйрөнүн өзгөрүү шартына карата ийкемдүүлүк жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Басма сөз кызматкерлери керектөөчүлөрдүн суроо-талабына ылайык иш алып баруу принциптерин, пландарын өзгөртүп турууга тийиш. Ал эми ММК уюмдарында пландаштыруу мезгили жыл же ай эмес, күн, саат, минуталар менен ченелип келет. Бул багытта кыргыз басма сөз кызматкерлери калыптанган көз караштардын чегинен чыга албай келе атышат. Ошон үчүн эң алгач ММК ишканаларынын менеджерлери ишмердүүлүккө байланыштуу төмөнкү суроолорго жооп берүүгө тийиш:

- атаандаштык чөйрөдө кандай өзгөрүүлөр болууда, кандай тенденциялар анын өнүгүшүн аныктайт?
- уюмдун керектөөчүлөрү кимдер?
- кандай өңүттөгү маалыматтарды сунуштоо керек?
- мындай маалыматты тиешелүү деңгээлде берүү жолдорун кандайча камсыздоого болот?

Демек, бүгүнкү күндөгү кыргыз басма сөзү тек гана коомдун агымына жараша иш алып барып келеатат. Андан озуп, коомдун көз карашын өзгөртүүгө, өнүгүү багытын башка нукка бурууга чамасы жете элек.

Учурдагы талапка ылайык, кыргыз ММКларынын баары башкаруунун жаңы методуна өтүүгө муктаж жана аны үйрөнүш үчүн чет жактагы тажрыйбага таянышы керек. Тилекке каршы, ушул багытта жана аны менен кошо журналисттик тажрыйба (макала жазуу, изилдөө, интервью, анализдөө ж.б.у.с.) топтоодо чет элдик ММКлар унутта калып жатканы өкүндүрөт. Мындай иш-чараларды өткөрүү тууралуу Бишкектеги кээ бир эл аралык уюмдар конференцияларда же семинарларда гана сөз болбосо, баары өз казанында кайнаган этке окшошуп, жаңы нерселерди үйрөнө албай жатышат. Демек, жаңы башкаруу ыкмага ээ болушу үчүн өз жолу менен жүрө бербестен, ата мекендик ММКлар өзүлөрү демилге көтөрүп, чет элдик жаңы ыкмаларды үйрөнүп, иш жүзүндө колдонууга өтүүлөрү абзел. Ошондо гана коомчулукка да, өзүлөрүнө да, мамлекетке да пайда келтире алышат. Азыр саны көп, сапаты аз ММКлардын салымы жана эффектиси аз болуп жатат.

**Адабияттар:**


1. Аламанова Ч., Абдылдаева Ч., Ашыралиев А. Массалык маалымат каражатындагы натыйжалуу менеджмент. -Бишкек, 2007.

2. Биримкулова К.Д., Асанбекова Н.Н. Экономика и финансовая политика средств массовой информации учебное пособие. – Бишкек: Просвещение, 2003.

3. Василик М.А. Основы теории коммуникации. – Москва: Гардарики, 2007.

4 Вурал Сажиде. Байланыш каражатында башкаруу стратегиялары. - Анкара, 1999.

5. Гольдштейн Г.Я. Стратегический менеджмент: Учебное пособие. 2-е изд – Таганрог, 2003. (http://www.aup.ru/books/m89/)

6. Ибраева Г.К., Куликова С.В. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. - Бишкек, 2002.

7. Интернюьс, Кыргыз Республикасындагы массалык маалымат каражаттары жана укук. Окуу китеби. - Бишкек, 2003.

8. Кыргыз журналистикасынын тарыхы», -Бишкек, 2002.

9. Өзкан Ышык. Басма сөз жана басма сөз менеджменти. -Измир, 1989.

10. Шарков Ф.И. Коммуникология. - Москва, 2001.